*УДК- 338(575.2)*

*DOI: 10.35254/bhu/16948386_2021_56_57_14*

***Кыдырбаева И.А.,***
*К.Карасаев атындагы БМУ*

# ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК ПОТЕНЦИАЛЫН КЛАСТЕРДИК ЫКМАНЫН НЕГИЗИНДЕ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖОЛДОРУ

***Кыскача мазмуну***

*Бул макалада кластер боюнча түшүнүк жана кластердик ыкманын артыкчылыктары баса белгиленген, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы кластердик өнүгүүнүн калыптанышы көрсөтүлгөн.Кластерлер аймактарды өнүктүрүүнүн эффективдүү каражаты болуп саналат. Кластердин географиялык алкагы бир шаардан же аймактан, ал тургай коңшу өлкөлөрдөн да айырмаланышы мүмкүн. Бүгүнкү күндө , кластерди түшүнүү, туура экономикалык субъектерди туруктуу адистештирилген атаандаштыкка үйрөтүү, дагы продукцияны өндүрүү жана иштетүү маселеси боюнча кластердик ыкманын негизинде иш алып баруулар Чүй облусунда жетишээрлик деңгээлде. Макалада кластердик мамилеге негизделген Чүй облусунун потенциалы талкууланган. Кластерди түзүүдө аймактар үчүн зарыл болгон мамлекеттик колдонуунун механизмдери жана негизги багыттары сунушталган.Ошондой эле Чүй облусунун өнөр-жай жана айыл-чарба тармактарынын кластердик потенциалы көрсөтүлгөн.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Чүй облусу, экономика, потенциал, регион, кластер, көрсөткүчтөр, финансы сектору, иновация, стратегиялык өнүктүрүү, өндүрүмдүүлүк.*

# ЭКОНОМИЧЕСКИЙ ПОТЕНЦИАЛ ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ НА ОСНОВЕ КЛАСТЕРНОГО ПОДХОДА

***Аннотация***

*В данной статье освещается концепция кластера и преимущества кластерного подхода, а также формирование кластерного развития Чуйской области Кыргызской Республики. Кластеры –эффективный инструмент регионального развития. Географический охват кластера может отличаться от одного города или штата к другому или даже от соседних стран. Сегодня понимание кластера основано на кластерном подходе к обучению нужных хозяйствующих субъектов устойчивой специализированной конкуренции, а также производству и переработки продукции в Чуйской области. А статье рассматривается потенциал Чуйской области на основе кластерного подхода. Представлены механизмы и основные направления общественного использования, необходимые регионам при формировании кластера, а также представлен кластерный потенциал промышленного и сельскохозяйственного секторов Чуйской области.*

***Ключевые слова:*** *Чуйская область , экономика, потенциал, регион, кластер, индикаторы, финансовый сектор, инновации, стратегическое развитие, производительность.*

# ECONOMIC POTENTIAL OF THE CHUI REGION BASED ON THE CLUSTER APPROACH

***Abstract***

*This article highlights the concept of cluster and the advantages of the cluster approach, as well as the formation of cluster development in Chui oblast of Kyrgyz Republic. Clusters are an effective tool for regional development. The geographical scope of a cluster my differ from one city or state to another, or even from neighboring countries. Today, the understanding of the cluster approach to training the right economic entities for sustainable specialized competition , as well as the production and processing of products in Chui oblast. The article discusses the potential of Chui oblast based on cluster approach. The mechanism and main directions of public use required for the regions in the formation of the cluster are presented. Also, the cluster potential of the industrial and agricultural sectors of Chui oblast is presented.*

***Key words:*** *Chui region, economics, potential, region, cluster, indicators, financial sector, innovation, strategic development, productivity.*

Кластердин өзгөчөлүктөрү. Инновациялардын өз ара аракеттенүүсү, агроөнөр жай комплексинде интеграциялык процесстерди өнүктүрүү, инновациялык процесстерди жана илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүү, Кыргыз Республикасынын экономикасын дүйнөлүк экономикалык системага интеграциялоо региондук масштабда кластердин түзүлүшүн аныктайт. Кластерлер теориясынын негиздөөчүлөрүнүн бири Майкл Портер кластер деп “кошумча наркты түзүү процессинде өз ара байланышта болгон өндүрүш инфраструктурасынын элементтерин берүүчүлөрдүн, өндүрүүчүлөрдүн, керектөөчүлөрдүн, илимий институттардын тармагы катары аныктайт” [1]

Агроөнөр жай комплексинин кластеринин эң кубаттуу аныктамасы В. А. Кундиустун эмгектеринде берилген. Окумуштуунун айтымында, агроөнөр жай комплексинин кластери кошумча наркты кайра бөлүштүрүү жана аймактын агроөнөр жай саясатын башкаруунун негизги куралы катары аныкталышы керек.[2]

Айрым жерлерде кластердик саясаттын төмөнкү түрлөрүн бөлүп карашат, алар мамлекеттин, жергиликтүү бийлик органдарынын аймактарындагы кластерлердин өнүгүү процессине караштуу деңгээли жагынан өзгөчөлөнүп турат. Азыркы учурда кластердик мамиле жасоо региондорду стратегиялык өнүктүрүү жагынан ажырагыс бөлүгү болуп калды, бирок кластердик саясатты иштеп чыгуу боюнча көбүнчө мамлекет тарабынан жетишерлик көңүл бөлүнбөй келүүдө. Негизинен Советтер Союзунун мезгилиндеги жана азыркы учурдун кластердик саясаты айырмаланып турат. Советтер союзунун мезгилиндеги кластердик саясат-бул кластерлерди аныктоо, ошондой эле кластерлерди түзүүчү фирмалардын ишмердүүлүк чөйрөсүн аныктоо жана органдарды түзүү, кластерди өнүктүрүү боюнча жалпы саясатты ишке ашыруу боюнча региондук бийлик органдары тарабынан ишке ашырылууу чаралардын жыйындысы болуп эсептелген.

Кластердик саясаттын максаттары региондо кластердик саясатты ишке ашыруу зарылдыгы жана жалпы региондун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү чечүү жолу менен аныкталат.[3] Региондук кластерди иновацияга багытталган экономиканын башаты катары карасак болот. Региондук кластерлер башкы ролду ойногон экономика атаандаштыкка жана баарынан маанилүүсү инвестиция үчүн жагымдуу болуусу зарыл. Аймактык кластер региондун өнүгүүсүнө түрткү берүүчү курал катары чоң мааниге ээ. Ал чакан, орто жана ири бизнести өнүктүрүү үчүн өзгөчө жагымдуу чөйрөнү түзөт, ошондой эле өнөр жайдын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизүүчү синергетикалык жана мультиплатифдик натыйжага ээ. Региондогу калктын жашоо деңгээлинин сапатынын жогорулашына өбөлгө түзөт.

Кыргызстандын ЕАЭБ өлкөлөрү менен товар жүгүртүүсү 2020-жылдын январь-августунда 1, 4 млрд. долларды түздү, анын ичинен 30% Чүй облусу боюнча экспорттун жалпы көлөмү 98,5 млн. долларды, а эми импорт 220 млн., долларды түзөт деп Кыргыз Республикасынын Улуттук комитети билдирет.[4]

Чүй өрөөнүнүн дыйкан чарбаларында айыл-чарба продуктуларын кластердик жол менен өндүрүү төмөнкү таблицаларда көрсөтүлгөн:[5]

**Таблица 1. Чүй облусунун мал чарбасынын 2015-2019ж.ж. өнүгүү темпинин көрсөткүчтөрү**

| № | Чүй областы | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | Өнүгүү темпи % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | уйлар | 131556 | 134191 | 133682 | 136806 | 139944 | 106 |
| 2. | чочколор | 44691 | 46422 | 47846 | 47683 | 32442 | 72 |
| 3. | койлор жана эчкилер | 633222 | 648354 | 652150 | 655618 | 653082 | 103 |
| 4. | жылкылар | 60217 | 64208 | 66850 | 70074 | 74501 | 123 |

**Таблица 2. Чүй облусунун кластердик ыкманы колдонуу жолу менен өндүрүмдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү**

| № | Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | Өнүгүү темпи % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ар бир уйдан орточо сүт саап алуу (жылдык орто эсеби, литр) | 2899 | 2918 | 2937 | 2975 | 3010 | 103 |
| 2. | Бир койдон орточо жылдык жүн кыркуу(жылдык орто эсеби, кг) | 2,8 | 2,8 | 2,8 | 2,8 | 2,8 | 100 |
| 3. | Тооктун орточо жылдык жумуртка өндүрүүсү (жылдык орто эсеби, шт.) | 151 | 154 | 171 | 168 | 153 | 101 |

**Таблица 3. Дан өсүмдүктөрүнүн иштетилгенден кийинки 2015-2019ж.ж. өнүгүү темпинин көрсөткүчтөрү**

| № | Дан өсүмдүктөрү иштетилгенден кийин | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | Өнүгүү темпи % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Буудай | 28,7 | 17,5 | 28,4 | 29,4 | 29,4 | 102 |
| 2. | Арпа | 26,1 | 14,3 | 25,6 | 26,6 | 25,5 | 97 |
| 3. | Дан жүгөрүсү | 23 | 11,4 | 22,8 | 24,3 | 23,5 | 102 |
| 4. | Күрүч | 64,1 | 59,7 | 65,7 | 67,3 | 69,1 | 107 |
| 5. | Май өсүмдүктөрү | 8,9 | 7,8 | 9,8 | 7,8 | 10,1 | 113 |
| 6. | Картошка | 162,9 | 163,6 | 166,4 | 169,3 | 170,8 | 104 |
| 7. | Жашылча | 184,2 | 183,5 | 193,9 | 198,7 | 199,9 | 108 |
| 8. | Бакча өсүмдүктөрү | 230,2 | 205,7 | 218,7 | 225,3 | 228 | 99 |
| 9. | Мөмө-жемиш | 18,3 | 19,1 | 18,6 | 18,7 | 21,9 | 119 |
| 10. | Жүзүм | 10,4 | 10,7 | 8,6 | 7,6 | 7,2 | 69 |

Чүй областынын кластердик потенциалын карап көрсөк, жеңил жана оор өнөр жайы, агро өнөр жай сектору, социалдык маданий сектор, туризм, инвестициялык жагымдуу чөйрө боюнча, экономиканын негизги өзгөчө тармагын көрсөтүү зарыл, алардын өнүүгүсү үчүн инвестиция керек.

Чүй облусунда азыркы учурда экономикалык потенциалын кластердик ыкманын негизинде продукцияларды өндүрүү чоң мааниге ээ. мисалы, кант сүт, камкаймак, быштак коомчулукта эң керектүү азыктар болуп эсептелүүдө.

Кант заводу, шифер заводу, цемент, пахта цехи, текстиль өндүрүшү, Сокулук районундагы айнек заводу, Карабалта спирт заводу, Ленин заводу өздөрүнүн көрсөткүчтөрү менен Чүй областынын жана жалпы Кыргыз Республикасына өзүнүн чоң салымын кошо алат деген ойдомун. Стратегия финансылык активдүүлүктүн деңгээлин андан ары жогорулатууга багытталган. Кыргыз Республикасынын экономикасында банк секторун жогорулатуу, натыйжалуугун сактоо, экономикалык иштин коопсуздугу жана ишенимдүүлүгүн сактоого негизделген.Бул стратегияны иштеп чыгууда коммерциялык банктардын орто мөөнөттүү мезгилге коюлган пландарында негизделген.

Башкача айтканда баардык максаттар жана милдеттер боюнча өнүгүү стратегиясында маалымат берилген. Аны бөлүп караганда төмөнкү багыттарда көрсөтүлгөн:

— Чүй облусунда ички башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча, финансылык тобокелдиктерди башкаруунун адекваттуу системасын калыптандыруу болуп эсептелет;

— Инвестициялардын коопсуздугун жогорулатуу боюнча, республиканын коммерциялык банктарына калктын жана башка кредиторлордун ишенимин жогорулатуу, сергек атандаштыкты өнүктүрүү үчүн шартттады түзүү болуп саналат;

— Банк тутумунун ачыктыгын жогорулатуу, коммерциялык банктарда корпоративдик башкарууну өнүктүрүү;

— Акчаны адалдоо операцияларын алдын алуу;

— Чүй облусунун финансы секторун андан ары өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;.

Жаратылыш ишмердүүлүгүн кластердик ыкманы колдонуу жолунда пайдалануусунун эки аспектиси көрсөтүлгөн. Биринчиси өлкөнүн дээрлик баардык экономикасына караштуу. Экинчиси табигый чөйрөнүн ресурстарын иштетүү болуп саналат. Ошондой эле жаратылышты коргоонун талаптарынын эрежесин сактоо менен жаратылыш ресурстарын экономикалык жактан эффективдүү пайдалануу абзел.

**Корутунду**

Каралып жаткан материалдар төмөнкүдөй тыянакка келүүгө шарт түзөт:

— Кыргыз Республикасынын Чүй облусунда региондук инновациялык кластерлер биргелешкен илимий базага негизделген технологиялык тармак деп аталган жаңы технологияларды, билимдерди, продукцияларды жайылтуунун туруктуу системасына негизделиши мүмкүн;

— Кластерди түзүү ички адистештирүү жана стан-

дартташтыруу жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнөн улам кошумча атаандаштык артыкчылыктарды берет, инновацияларды киргизбөө үчүн чыгымдарды минималдаштырат.

***Литература***

*1. Портер М. Э. Конкуренция: Учебное пособие. / М. Э. Портер. — Москва: Изд. дом”Вильямс”, 2000. — 207 с.*

*2. Зубарева О. Ю. Менеджмент каражаты катары ишкананын ролун жана мониторинг системасын аныктоо. / О. Ю. Зубарева. — [Электрондук ресурс]. — Кирүү режими: http://www.ael.ru/reep/dokladi/12/htm (кирүү датасы: 23.08.2021).*

*3. Кетелс К. Аймактык атаандаштык социалдык-экономикалык өнүгүүнүн факторлору катары / К. Кетелс. — Москва: Наука, 2001. — 320-б.*

*4. URL: https:// www. articlekz.com (дата обращения: 20.09.2021)*

*5. URL: http://www.stat.kg (дата обращения: 19.10.2021)*